Педагогикалык кеңеш

тарабынан кабыл алынган

Протокол №1 "1" 09 2018-ж.

"Бекитемин"

Мектеп жетекчиси ________ Боркеев Э.Т.

"1" 09 2018-ж.

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин башталгыч класстарынын "Байчечекей" усулдук бирикмесинин

# 2018-2019-окуу жылынын иш планы.

| | | | |
|---|---|---|---|
| № | Аткарыла турган иштер | Мөөнөтү | Жооптуулар |
| 1 | 1. Усулдук бирикменин планын бекитүү, талкуулоо.<br>2. Жаш мугалимдерге насаатчы коюу . | Август | Бирикменин мүчөлөрү. |
| 2 | 1. 1-сентябрь"Менин кичи мекеним" Билим күнү.<br>2. "Эне тилим байлыгым" тар.сааттар өтүү.<br>3. Өтүлгөн иш чарага анализ жүргүзүү. | Сентябрь | Кл. жетекчилер.<br>УБнын мүчөлөрү |
| 3 | 1. Журнал, дептерди текшерүү.<br>2. Бирге окуйбуз долбоору.<br>3. "Алтын күз" күз майрамы.<br>4. Билим сапатын текшерүү. | Октябрь | Дыйканбаева Н.Т.<br>Кл.жетекчилер |
| 4 | 1. 4-класс. Көп орундуу сандарды эки орундуу санга бөлүү.<br>2. 3а-кл. Адабий окуу.<br>3. 3б-кл. Кыргыз тил.<br>4. Өтүлгөн иш чарага анализ берүү. | Ноябрь | Омурбаева Ж.<br>Зарылбекова Н.<br>УБнын мүчөлөрү |
| 5 | 1. Ч. Айтматовдун 90-жылдыгына карата ачык сабактарды өтүү.<br>2. Жаңы жылдык балаты. | Декабрь | Кл.жетекчилер<br>УБнын мүчөлөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 3. Чейректик жыйынтык.<br>4. Өтүлгөн иш чарага анализ берүү. | | |
| 6 | 1. Сасык тумоодон сактан!<br>2. Жугуштуу оорулардан сак бол!<br>3. Ай ичинде өтүлгөн иш чарага анализ берүү. | Январь | Кл.жетекчилер<br>Дыйканбаева Н.Т.<br>УБнын мүчөлөрү |
| 7 | 1. Окуучулардын билим денгээлин текшерүү. 3-класс.<br>2. 23-февраль Мекен коргоочулар күнүнө карата тарбиялык сааттар.<br>"Мекен сакчысы"<br>3. Бирге окуйбуз долбоору.<br>4. Өтүлгөн иш чарага анализ. | Февраль | Дыйканбаева Н.Т.<br>УБнын мүчөлөрү<br>Кл.жетекчилер |
| 8 | 1. "Алтын Апа" 8-март майрамын өткөрүү.<br>2. Нооруз-2018 майрамын өткөрүү.<br>3. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүү.<br>4. Анализ. | Март | Кл.жетекчилери |
| 9 | 1. 7-апрель эскерүү күнү.<br>2. "Алиппе майрамын" өткөрүү.<br>3. Анализ берүү. | Апрель | Кл.жетекчилери<br>Кулчаева Н.<br>Абдылдаева Р. |
| 10 | 1. 9-май жеңиш күнү. Тарбиялык сааттарды өткөрүү.<br>2. "Спорт-ден соолуктун булагы" спорттук мелдеш өткөрүү.<br>3. 4-класстын коштошуу кечеси.<br>4. Чейректик, жылдык жыйынтык.<br>5. "Жаратылыш жан досум" экскурсия. | Май | Кл.жетекчилер<br>Омурбаева Ж. |

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**башталгыч классттарынын "Байчечекей" усулдук бирикмесинин**

**2018-2019-окуу жылында аткарылган иш чарага**

**Талдоо.**

Башталгыч класстын мугалимдеринин курамы:

1. Омурбаева Ж.К. 4-класс
2. Зарылбекова Н.К. 3а-класс
3. Абдылдаева Р.С. 3б-класс
4. Дыйканбаева Н.Т. 2-класс
5. Кулчаева Н.А. 1а-класс
6. Аблаева Ч.Н. 1б-класс
7. Таштанбекова А.Т. 0-класс

Бирикменин жетекчиси Дыйканбаева Н.Т.

Методикалык тема:

"Бирге окуйбуз" долбоордун ишмердүүлүгүн жайылтуу.

Милдети:

Долбоор окуучулардын жетишкени тууралуу натыйжалуу кайтарым байланышты бере турган формативдик баалоону пайдаланганга жардам берүү.

Күтүлүүчү натыйжа:

Класста, жана мектепте өзгөрүүлөрдү киргизүүдө кыймылдаткыч күч караты ролун таануу. Окутуу тартибин инсанга багытталган негизде. Активдүү окутуу ыкмаларына кайтарым байланыш жүргүзүү.

**Август.** Усулдук бирикменин планы менен жетекчи Дыйканбаева Н.Т. тааныштырды.

Бирикменин мүчөлөрү өз ойлорун айтып талкуулашты. Бир жылга коюлган иш чаралар, класстык тарбиялык сабактар өз мөөнөтүндө аткарууну убада алышты.

Жаш мугалимди кабыл алып, насаатчы бекитилди. Жаш мугалим Таштанбекова А. иштеп баштады. Ага насаатчы кылып Дыйканбаева Н.Т. методикалык жардам берип, колдоо көрсөтүп турат.2018-2019-окуу жылына күндөлүктөр берилди.

**Сентябрь.** 1-сентябрь билим күнүнө карата "Менин кичи Мекеним" деген темада башталгыч класстарда ачык сабак өтүлдү. Сабактар аябай кызыктуу жана көрсөтмөлүү болду.

Мамлекеттик тилдин 29-жылдыгына башталгыч класстар "Эне тилим- эне сүтүм" тарбиялык сааттарды өтүштү. Ар бир класстан мыктыларын чогултуп, концерт менен жыйынтыкталды.

**Октябрь.** Класс жетекчилерге журнал, күндөлүктөр берилген. Өз убагында баалар коюлуп жатат. Бирге окуйбуз долбоору ата-энелердин катышуусун көзөмөлдөө, мектепке чакыруу.

**Ноябрь.** 2-класс кыргыз тили сабагынан Дыйканбаева ачык сабак өттү. Сабак кызыктуу, интерактивдүү методдор менен өтүлдү. Ат жабдыктарын колдонуп, сабагын бышыктады.

3а-класс.Адабий окуудан Абдылдаева Райкуль. Сабак максатына жетти.

4-класс Омурбаева Ж. математикадан "Көп орундуу сандарды эки орундуу санга бөлүү" темада ачык сабак өттү, абдан кызыктуу, жаны методдорду колдонуп, көрсөтмөлүү сабак болду. Окуучулар активдүү катышты.

Мекен таануу сабагынан Зарылбекова Н.К. темада ачык сабак өттү. Абдан кызыктуу болуп, окуучулар активдүү катышты.

**Декабрь.** Ч. Айтматовдун 90-жылдыгына карата ачык сабактарды өтүү.

Ар бир класс Ч.Айтматовдун өмүр баянын чагылдырып, чыгармаларынан үзүндү алып аткарып беришти.

**Январь.** "Грипптен сактан" аттуу темада ачык сабак өтүлдү. Грипп оорусу билинбегени менен абдан коркунучтуу оорулардын бири. Жугуштуу оорулар да көбөйөт. Сасык тумоо, сарык,ОРВИ ооруларынан кантип сактанышты окуучулар билишти. Өздүк гигиенаны кантип сактоонун жолдорун үйрөнүштү . Кыш мезгилинде жугуштуу оорулар жөнүндө кеңири маалыматтарды мугалимдер беришти.

**Февраль** айында 3-класстардын билим денгээли текшерилди. Жакшы жыйынтыкка ээ болушту. Жетишпеген окуучулар менен өзүнчө иш алып баруу.

23-февраль мекен коргоочулар күнүнө карата “Жоокер- Мекен сакчысы” деген темада тарбиялык сааттар жогорку денгээлде өтүлдү.

**Март.** Мектеп ичинде 1-4-класстарга чейин утренник өткөрүлдү.

“Ак калпактар” күнүнө карата, бөлүнгөн класстар ак калпактын келип чыккан тарыхын айтышты.

Калган класстар “Алтын Апа” аттуу темада даярдык көрүп, ырдап, бийлеп, майрамдык маанай тартуулашты.

4-класска олимпиада өткөрүлдү

“Кел санжыралуу Ноорузум” аттуу темада чон иш чара өткөрүлдү. Анда балдар элдик каада салтты ачык көрсөтүп бере алышты

**Апрель.** 7-апрель революция күнүнө карата ар бир класс Чолпон Мусаевдин өмүр баяны менен таанышып, көркөм окуу даярдап, сүрөт көргөзмө уюштурду. Тарбия завучу Кенжалиева М. доклад окуп берди.

Алиппе майрамын Кулчаева Н. Аблаева Ч. жогорку деңгээлде өтүштү.

Дептер, журнал, күндөлүктөр текшерилди жана каталары убагында жоюлду.

Эрудит олимпиадага Баатырбеков Атабек катышып жогорку балл алып келди.

**Май.** 9-май жениш күнүнө карата салтанаттуу линейка болуп өттү. Ч. Төлөбердиев өмүр жолу, сүрөтү менен таанышып тарбия сааттар өтүлдү. 4-класс коштошуу кечеси өткөрүлдү. Мугалим атайын форма тиктирип, Манас эпосунан үзүндү менен баштады, ыр, бий, хор айтышты. Класстар арасында спорттук мелдеш өткөрүлдү, эстафета, аркан тартыш кыймылдуу оюндар болуп өттү. Чейректик жыйынтык чыгарылды.